«Кыргыз Туусу» гезити
2015-жылдын 8-майы – № 36-37 (23925-26)

● Тил билсең – дил билесиң

# Түрк тилин үйрөтүү сабагы башталды

***Жакында Чет тилдер жогорку мектеби тарабынан түрк тилин окуткан мугалимдердин билимин жогорулатуу максатында «Түрк тилин чет тили катары үйрөтүү» сабагы башталды.***

Аталган тил үйрөтүү программасы Кыргызстанда биринчи жолу ачылып жатат. Мында түрк тилин окуткан мугалимдер үчүн чет элдиктерге түрк тилин үйрөтүүдөгү усул-ыкмалар, баалоо методдору, окутуучу материалдарды кантип чогултуу жана ал кандай сапаттарга ээ болушу керектиги тууралуу маалымат берилет. Аталган мектептин ага окутуучусу Мухиттин Гүмүштүн айтымында, түрк тилин чет элдиктерге үйрөтүү курсу 1 ай – 40 саат теориялык, 40 саат практикалык сабак, 1 жумада 5 күн өтүлөт. Азыр ага сырттан 62 мугалим жазылган, бирок курстун жаңы ачылгандыгына байланыштуу, алардын 27си гана тандалып алынды. Келерки жылы кыргыз тилин окуткан мугалимдер үчүн да чет элдиктерге кыргыз тилин үйрөтүүнүн метод-усулдары боюнча окутуу курсун ачуу пландаштырылууда.

**Айзат ТАЛАСБАЕВА**